**ПСИХОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ**
**ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**
**PSYCHOLOGICAL SCIENCES**

DOI:10.26104/NNTIK.2023.87.89.011

*Мурзаев М.С., Ысакова М.А.*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА ПСИХОЛОГИЯЛЫК ДИСЦИПЛИНАЛАРДЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ОКУТУУНУН АБАЛЫ

*Мурзаев М.С., Ысакова М.А.*

# ПРЕПОДАВАНИЯ ПСИХОЛОГИЧЕСКИХ ДИСЦИПЛИН НА КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ В ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯХ

*M. Murzaev, M. Ysakova*

# TEACHING PSYCHOLOGICAL DISCIPLINES IN THE KYRGYZ LANGUAGE IN PEDAGOGICAL HIGHER EDUCATIONAL INSTITUTIONS

*УДК: 37.015.31*

*Макалада республикабыздагы билим берүүнүн бүгүнкү күндөгү абалы, компетенттүүлүккө негиздеп билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү жана адис даярдоого болгон талаптар, педагогикалык ЖОЖдордо болочок педагогдорду кесиптик жактан даярдоодо кыргыз тилинде психологиялык дисциплиналарды окутуунун маселелери каралат. Педагогикалык ЖОЖдордо кыргыз тилинде психологиялык дисциплиналарды окутуунун азыркы абалы жана андагы көйгөйлөр (окуу китептердин жоктугу жана жетишсиздиги, психологиялык терминдер иретке салына электиги ж.б.) талдоого алынып, адис даярдоодогу көйгөйлөрдү чечүүнүн бир жолу катары психологиялык дисциплиналарды окутууну жакшыртуу жана өнүктүрүү менен байланыштуулугу ачып көрсөтүлөт. Компетенттүүлүккө негиздеп психологиялык дисциплиналарды окутуунун өзгөчөлүктөрү жана ага коюлуучу талаптар, кыргыз тилинде психологиялык билимдерди студенттерге үйрөтүүнү жакшыртуу жолдору жөнүндө сөз болот.*

***Негизги сөздөр**: психологиялык дисциплиналар, билим берүү стандарты, компетентттүлүк мамиле, кредит, термин, окутуу усулдары, психологиялык компетенциялар, психологиялык компетенциялар.*

*В статье рассматривается современное состояние образования в нашей республике, особенности компетентностного образования и требования к подготовке будущих учителей школ, а также вопросы преподавания психологических дисциплин на кыргызском языке при профессиональной подготовке будущих учителей в педагогических вузах. Проанализировано современное состояние преподавания психологических дисциплин на кыргызском языке в педагогических вузах и проблемы в нем (отсутствие и недостаточность учебников на кыргызском языке, отсутствие словарей психологических терминов и т.д.), а также указывается один из путей решения проблем качественной подготовки специалистов в совершенствовании и развитии преподавания психологических дисциплин на государственном языке. Учитывая особенности преподавания психологических дисциплин на основе компетентностного подхода и вопросы, вытекающие из требований к подготовке будущих учителей, были сделаны предложения о путях совершенствования преподавания психологических дисциплин студентам на кыргызском языке.*

***Ключевые слова:** психологические дисциплины, образовательный стандарт, компетентностный подход, кредит, термин, методы обучения, психологические компетенции, психологические компетенции.*

*The article examines the current state of education in our republic, the features of competency-based education and the requirements for the training of future school teachers, as well as the issues of teaching psychological disciplines in the Kyrgyz language during the professional training of future teachers in pedagogical universities. The current state of teaching psychological disciplines in the Kyrgyz language in pedagogical universities and the problems in it (lack and insufficiency of textbooks in the Kyrgyz language, lack of dictionaries of psychological terms, etc.) are analyzed, and one of the ways to solve the problems of quality training of specialists in improving and development of teaching psychological disciplines in the state language. Taking into account the features of teaching psychological disciplines based on a competency-based approach and issues arising from the requirements for the training of future teachers, proposals were made on ways to improve the teaching of psychological disciplines to students in the Kyrgyz language.*

***Key words:** psychological disciplines, educational standard, competence approach, credit, term, teaching methods, psychological competencies, psychological competencies.*

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын кесиптик билим берүү системасында ЖОЖдордо жана коллеждерде кесиптик компетенцияларга ээ болгон компетенттүү адистерди даярдоо негизги талап болуп саналат.

Педагогикалык ЖОЖдордо болочок педагогдорду кесиптик жактан даярдоодо психология боюнча окутулуучу сабактардын топтому өзгөчө орунда турат. Анткени болочок мугалим психологиялык дисциплиналарды үйрөнүү аркылуу гана адам табиятын (психикасы жана анын процесстери, кубулуштары ж.б.), инсан табиятын, инсандын жекече өзгөчөлүктөрүн жана анын калыптанышынын мыйзамченемдүүлүктөрүн үйрөнөт. Ошондой эле балдардын психикалык жактан өнүгүшүнүн шарттарын, факторлорун,

мыйзам ченемдүүлүктөрүн үйрөнүп, аларды окутуу жана тарбия процесстеринде колдонууну (классты башкаруу, класс ичиндеги мамилени жөнгө салуу, педагогикалык жана психологиялык туура чечим кабыл алуу ж.б.) үйрөнөт. Айрыкча азыркы маалымат технологияларынын өнүгүшүнөн адамдардын ортосундагы коммуникация, карым-катыш күчөгөн кезде педагогдор психологиялык билими жагынан компетенттүү (адамдардын психологиясын билүү, командада иштей алуу, адамды уга билүү, адамдар менен карым-катыш түзө алуу жана чын көңүлдөн сүйлөшө билүү ж.б.) болушу зарыл. Ошондон ЖОЖдун педагогикалык адистикте окуган студенттерди (болочок педагогдорду жана тарбиячыларды) адис катары даярдоодо психология боюнча сабактардын циклин окутууга өзгөчө көңүл бурулат жана психологиялык дисциплиналар болочок адистерди: математиктер, биологдор, тарыхчылар, филологдор, физиктер, башталгыч класстын мугалимдерин ж.б. даярдоодо эң негизги дисциплиналардын катарына кирет [4].

Болочок адистердин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу маселелери педагогикалык илимде кеңири изилденип жаткандыгына карабастан, Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү системасында психологиялык дисциплиналарды окутуу жана болочок мугалимдердин кесиптик психологиялык компетенцияларын жана компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маселелери изилденөөгө алынбай келинүүдө.

Биз макалабызда педагогикалык ЖОЖдордо болочок педагогдорду кесиптик жактан даярдоодо кыргыз тилинде психологиялык дисциплиналарды окутуунун абалына токтолобуз.

Учурда ЖОЖдо болочок педагогдорду кесиптик жактан даярдоодо мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленген атайын кесиптик дисциплиналар циклинде **«Жалпы психология», «Курак психология», «Социалдык психология», «Педагогикалык психология», «Этнопсихология»** ж.б. психологиялык предметтер окутулат [2].

Жогоруда аталган предметтердин кредиттик сааты, окутулган курстары ж.б. айырмачылыктары Билим берүү стандартына ылайык (№ 1179/1 15.09. 2015-ж. Бишкек шаары) адистиктердин өзгөчөлүгүнө карап, ар кандайча бөлүштүрүлгөн.

Жалпысынан алганда «Башталгыч билим берүү» Педагогикалык билим берүү багыты, шифри 550700 (Педагогика) жана «Мектепке чейинки билим берүү» Педагогика жана мектепке чейинки билим берүүнүн усулу шифри 550700 адистиктеринде психология предметин окутуу боюнча 10 кредит бөлүнгөн. Ал он кредитти биз, «Жалпы психология», «Курак психологиясы», «Педагогикалык психология», «Социалдык психология» жана «Үй-бүлө» психологиясы деп беш предметке эки кредиттен бөлүп окутабыз. Негизинен эки кредиттин 16 сааты лекция, 14 сааты семинардык-практикалык сабактарга жана 30 сааты студенттердин өз алдынча иштерине бөлүнгөн.

«Жалпы психология» предмети окуу планынын кесиптик базалык бөлүгүндө, I семестрде окутулуп баштайт. Психологиянын 1-курстун студенттерине арналган бул бөлүгүндө, аларга жалпы психология боюнча фактыларды, механизмдерди жана мыйзамченемдүүлүктөрдү үйрөтүү аркылуу адамдын психологиясынын өзгөчөлүктөрүнүн табияты менен тааныштыруу жана үйрөтүү негизги максат болуп саналат. Экинчи дисциплина «Курак психологиясы» II семестрде окутулат. Анда 16 саат лекцияга, 14 саат семинардык саатка ажыратылган. Бул курста адамдын курактык психологиялык өзгөчөлүктөр, өнүгүүнүн психологиясы жана балдарды тарбия маселелери үйрөтүлөт.

Ал эми экинчи курстун III семестрде «Педагогикалык психология» предмети окутулуп, ага эки кредит бөлүштүрүлгөн. IV семестрде «Социалдык психология» предмети эки кредит менен окутулуп, 3-курстун V семестринде «Үй-бүлө психологиясы» предмети эки кредит (16 саат лекция,14 с. практикалык сабак, 30 өз алдынча иштөө) окутулуп, психология багытындагы дисциплиналар аяктайт [1].

Педагогикалык жогорку окуу жайларда психологияны окутууда кредиттик сааттардын бөлүнүшү боюнча адистиктер айырмачылыктарга ээ болушат жана аларда психология предметтери үчүн ар башкача кредиттик сааттар бөлүнгөн. Алсак, «Мектепке чейинки тарбия» адистигине башка адистиктерге салыштырганда психологиялык дисциплиналарга көбүрөөк кредиттик сааттар бөлүнгөн. Болочок педагогдор окуп-үйрөнүүчү «Жалпы психология», «Курак психологиясы», «Педагогикалык психология», «Социалдык психология» предметтеринен сырткары «Үй-бүлөдөгү мамилелердин психологиясы» эки кредит, «Балдардын психологиясы» предмети төрт кредит, экинчи курстун III семестринде окулуп башталып, үчүнчү курстун IV семестринде окутуу аяктайт. «Психологопедагогикалык практикум» предмети V семестрде төрт кредит окутулат. Мындан бул адистикт окуган студенттерге психологиялык дисциплиналар көбүрөөк окутула тургандыгы көрүнөт.

Ал эми башка адистиктерде окуган болочок педагогдор психологиялык дисциплиналарды 8 кредит, көбүнчө алты кредит өлчөмүндө окушат. Бул албетте өтө аз. Ошондуктан билим берүү стандартындагы окуу жайдын варияциялык-тандоо сабактарын тандоодо психологиялык сабактарды үйрөтүүгө басым жасоо болочок педагогдордо психологиялык компетенцияларды калыптандырууга жана аларды адис катары сапаттуу даярдоого мүмкүнчүлүк берет.

Жыйынтыктап айтканда, педагогикалык жогорку окуу жайларда ар түрдүү адистиктерде психология

предметтери үчүн ар башкача кредиттик сааттар бөлүнгөн. Айрым адистиктерде (М: «Математика», «Информатика» ж.б. адистиктерде) психология предметинин аз кредиттик саатта окутулуп жаткандыгынын натыйжасында студенттерде педагогго зарыл түрдө керек болгон психологиялык-педагогикалык компетенциялар калыптанбай калып жатат. Мындай абалдан чыгуу үчүн билим берүү стандартында белгиленген тандоо курстарын аныктоо процессинде, болочок педагогдордо психологиялык-педагогикалык компетенцияларды калыптандыруу үчүн, психологиялык сабактардын сандык катышын көбөйтүү керектиги белгилүү болот.

***Психологияга*** тиешелүү предметтерди үйрөнүү процесси болочок педагогдордун психологиялык билимдерин бир системага салып, инсан табияты, анын психологиялык өзгөчөлүктөрү (курамы, инсандык сапаттар жана анын калыптануусу ж.б.) жана инсандардын карым-катышынын психологиясын билүүнү камсыздап, педагогикалык ишмердүүлүк мотивдеринин социалдык маңызын байытат, анын жалпы жана кесиптик компетенттүүлүгүн ийгиликтүү калыптандырууну негиз болот.

Азыркы кезде болочок педагогдордо психологиялык-педагогикалык компетенцияларды жана компетенттүүлүкттөрдү калыптандыруу болочок педагогдорду кесиптик жактан даярдоонун ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана ал өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Психология боюнча билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн топтомун үйрөтүү.
- Педагогикалык баарлашуунун көндүмдөрүнө ээ болуу.
- Мугалимдин кесиптик ишмердигинде психологиялык компетенциянын ролу чоң экендигин түшүнүүсү.
- Баланын жүрүм-турумунан анын психоэмоциялык абалын, таанып-билүү процесстеринин, мүнөзүнүн сапаттарынын өнүгүү деңгээлин көрө алуу билгичтигине ээ болуу.
- Баланын мамилесиндеги жана балдар тобундагы мамиледеги психологиялык кырдаалга баа бере алуу жана туура чечимге келүү, акыл-эс менен баарлашуу ыкмаларын тандай алуу жөндөмүнө ээ болуу.
- Баланын гармониялуу өнүгүүсүнө жетишүү үчүн, баланын психикасына такай педагогикалык сабаттуулук менен таасир эте алууну билүү ж.б. [3].

Жыйынтыктап айтканда, психология сабактарында үйрөтүлүүчү адамдын ички дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн мугалим үйрөнбөй туруп, ар башка куректык өзгөчөлүктөгү балдардын психикалык өзгөчөлүктөрүн эске албай туруп, окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн көңүлгө тутуп мамиле жасай билүү көндүмүнө ээ болбой туруп, мектепте балдарга билим жана тарбия берүүгө жана балдарга билим жана тарбия берүүгө, алардын акыл жагынан жана инсан катары өсүп өнүгүшүн жетектөөгө (башкарууга) мүмкүн эмес.

Педагогикалык ЖОЖдо кыргыз тилинде психология предметтерин окутууда бир нече көйгөйлөр бар:

*Биринчи көйгөй* кыргыз тилиндеги психологиялык терминдер менен байланыштуу. Болочок адистерге психологиянын үйрөтүүдө терминдерди үйрөтүүнүн мааниси чоң. Азырга чейин Кыргызстандын жогорку жана орто педагогикалык окуу жайларында психологиялык терминдерди колдонуу бирдиктүү жана ыраатуу системага түшө электигинен студенттер үчүн психологиялык дисциплиналарды үйрөнүүдө бир топ кыйынчылыктар жаралат.

Ал төмөнкүлөр менен байланыштуу:

1. Кыргыз тилинин психологиялык терминдери иретке салына электигинен, бир эле термин ар башка мааниде колдонулган учурлар өтө көп кездешет: Мисалы: орусча «чувство» термини кыргызча «туюу», «сезим» деген эки термин менен берилип жүрөт ж.б.у.с. учурлар өтө эле көп кездешет. Психологиялык терминдерди колдонуудагы мындай абал студенттерде чаташууларды пайда кылат жана предметти терең өздөштүрүүсүнө терс таасирин тийгизет.

2. Бир эле термин, бир эле окуу жайда психологияны окуткан окутуучулар тарабынан ар түрдүүчө колдонулат. М: орус тилиндеги **«группа»** термини окутуучулар тарабынан **«топ, тайпа, кор»** болуп колдонулган учурлар кездешет. Ал эми потребность - керектик, муктаждык болуп колдонула берет.

Психологияны кыргыз тилинде окутуудагы терминдердин мындай абалы, студенттердин психологиялык дисциплиналарды өздөштүрүүсүнө өзүнүн терс таасирин тийгизет жана студенттерде чаташууларды пайда кылат. Мына ошондуктан кыргыз тилинде билим алып жаткан студенттерге психологияны окутууда ар бир теманы өтүп жатып, теманы үйрөнүүнү (лекцияны) баштоодон мурда алгач студенттерге терминдерди жаздырып (аз сандагы студенттерге терминдердин маани-мазмуну жазылган даяр текстти таркатып) алардын ар биринин маанилерин чечмелеп берүү жана термин кыргыз тилинде кайсы синоним сөздөр менен да туюнтуларын ачыктап берүү зарыл.

*Экинчи көйгөй* кыргыз тилинде психология боюнча окуу китептеринин жетишсиздиги жана жоктугу. Окуу китептеринин бар болушу студенттердин терең билим алуусуна жана өз алдынча даярдануусуна мүмкүнчүлүк жаратат. Кыргыз тилинде психология боюнча окуу китептерди, окуу куралдарды ж.б. даярдоо кечиктирилгис иштерден болуп саналат. Ошондуктан психология боюнча кыргыз тилинде окуу китептерди даярдоо жана орус, чет тилдерден окуу китептерди кыргыз тилине которуу иштерин колго алуу зарыл.

Жогоруда айтылган ойлор төмөнкүдөй жыйынтыктарга алып келет:

1. ЖОЖдо студенттерге психологиялык билимдерди терең үйрөтүү аркылуу гана алардын жалпы инсандык жана педагогикалык, психологиялык маданиятын өстүрүп, аларда психологиялык ойлоону жана компетенцияларды калыптандырууга болот.

2. Психологияны кыргыз тилинде окутууну жакшыртуу болочок педагогдордун психологиялык билимдерди терең өздөштүрүүсүнө жана адис катары калыптанышына өзүнүн оң таасирин тийгизет. Ошондуктан психология боюнча кыргыз тилинде окуу китептерди, окуулуктарды ж.б. даярдоо зарыл иштердин бири болуп саналат.

3. Кыргыз тилиндеги психологияны окутуу жаатындагы көйгөйлөр катары азыркы күнгө чейин психологияны кыргыз тилинде окутуунун атайын изилдөөгө алынбагандыгын жана тажрыйба алмашуулардын жүргүзүлбөгөндүгүн айтууга болот.

Кыргыз тилинде психология боюнча дарстар Совет мезгилинен баштап педагогикалык адистерди даярдоочу университеттерде, институттарда жана атайын педагогикалык кесиптик билим берүүчү орто окуу жайларда такай окутулуп келе жаткандыгына карабастан, психологияны кыргыз тилинде окутуунун абалы, көйгөйлүү маселелери жана аны жакшыртуунун перспективалары кыргыз окумуштуулары тарабынан бир да жолу атайын изилдөөгө алынбагандыгы. Ушул күнгө чейин республикада кыргыз тилинде психологияны окутуп келе жатышкан окутуучулардын тажрыйба алмашуу максатындагы жолугушуусу, кеңешмеси, пикир алышуусу өткөрүлбөй келе жаткандыгы өкүнүү жаратат.

**Жыйынтыктар.** ЖОЖдун педагогикалык адистикте окуган студенттерди (болочок педагогдорду жана тарбиячыларды) адис катары даярдоодо психология боюнча сабактардын циклин окутууга өзгөчө көңүл бурулат. Педагогикалык ЖОЖдун студенттерине психологиялык билимдерди берүү аркылуу гана алардын жалпы адамдык жана педагогикалык кесиптик маданияттын өстүрүүгө, психологиялык компетенцияларын калыптандырууга болот.

Болочок педагогдор психологиялык билимдер аркылуу гана балдардын психикалык жактан өнүгүшүнүн шарттарын, факторлорун, мыйзамченемдүүлүктөрүн, инсан табиятын, инсандын жекече өзгөчөлүктөрүн жана анын калыптанышынын мыйзамченемдүүлүктөрүн үйрөнөт.

Компетенттүүлүк негизде адис даярдоонун бүгүнкү күндөгү талаптарына ылайык ЖОЖдордо психология боюнча студенттерге окутулуучу «Жалпы психология» («Адам психологиясы»), «Курак жаш жана педагогикалык психология», «Социалдык психология» ж.б. сабактарынын мазмуну жана технологиялары да өзгөрүүлөргө учурашы зарыл.

Психология илимдериндеги терминдер кыргыз тилинде тактала электигинен: бир эле термин кыргызча ар түрдүүчө аталат жана мындай абал студенттердин психологияны терең үйрөнүшүндө чаташууларды жаратып, бир топ кыйынчылыктарга алып келет. ЖОЖдо болочок педагогдорду кесиптик жактан даярдоодо психология дисциплиналарды окутуу процессин жакшыртуу үчүн психологиялык терминдерди үйрөтүүнүн: терминдердин маанисин так, туура түшүндүрүү зарыл жана аларды үйрөтүүнүн мааниси чоң.

Кыргыз тилинде психология боюнча окуу куралдарын жаратуу жана республикабыздын жогорку жана орто педагогикалык окуу жайлары үчүн кыргыз тилинде психологиялык терминдердин түшүндүрмө сөздүгүн түзүү өтө зарыл.

ЖОЖдордо жана орто окуу жайларда кыргыз тилинде психологиялык дисциплиналарды окутуунун абалы, көйгөйлүү маселелери атайын изилдөөгө алуу зарыл.

**Адабияттар:**

1. Билим берүү стандарты (№1179/1 15.09.). - Бишкек 2015.
2. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү. Түз: Мурзаев М.С. - Б., 2016. – 176-б.
3. Мурзаев М.С. Баарлашуу, карым-катыш, мамиле психологиясы. - Б., 2018. – 80-б.
4. Мурзаев М.С. Социалдык психология. ЖОЖдун бакалавр программасына арналган окуу китеби. – Бишкек, 2022.
5. Мурзаев М.С. Изучение вопросов специализации в кыргызской педагогике. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2010. №. 3. - С. 290-294.